Субхан Аллоохи, валхамду лиллаахи, ва лаа илааха иллаллооху, валлааху акбар" деп айтуу мен үчүн күн нуру тийген нерсенин баарынан жакшы

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Субхан Аллоохи, валхамду лиллаахи, ва лаа илааха иллаллооху, валлааху акбар" деп айтуу мен үчүн күн нуру тийген нерсенин баарынан жакшы".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушул улук сөздөр менен Аллах Тааланы зикир кылуу дүйнө жана андагынын баарынан жакшы экендигин айткан. Бул сөздөр: "Субхан Аллоохи": Аллах Тааланы бардык кемчиликтерден таза деп аруулоо. "Алхамду лиллаахи": Улуктоо жана махабат менен бирге Аллах Тааланы толук сыпаттары менен мактоо. "Лаа илааха иллаллооху": Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок. "Аллаху акбар": Бардык нерседен улук, чоң.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/6211